**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРЫНЫН
П Р О К У Р А Т У Р А С Ы**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
П Р О К У Р А Т У Р А
ГОРОДА ОШ**

714000, Ош шаары, Моминова көч.6,
телефон +996 (3222) 7 09 92 факс: (3222) 7-13-64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

714000,город Ош, ул.Моминова 6
телефон: (3222) 7 09 92 факс: (3222) 7-13-64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

*«24» 04 2024-ж/г.*

*чыг.№ 8-105-672-24*

Ош аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы

**К.Т.Бердибековага**

**М А А Л Ы М А Т**
*02-041-2024-001124 сандуу материал боюнча*

Ош шаардык ИИБнын ЭММКАКнын ыйгарым өкүлү С.Жороев билдирүү менен кайрылып анда, Ош шаарынын аймагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына №7 Ош шайлоо округу боюнча шайлоого катышуу үчүн катталган талапкерлер шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай баалуулуктарды тапшыруу жолу менен талапкердин жубайы, жакындары каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык кандайдыр-бир кызматты же башка баалуулуктарды алууга көмөктөшүп, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн экендигин билдирген.

Аталган билдирүү 18.04.2024-жылы Ош шаардык ИИБнын ТКнын МЭЖне 02-041-2024-001124 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына №7 Ош шайлоо округу боюнча талапкер М.Маматкуловдун бир тууган агасы Маматкулов Дамир 5273 шайлоо участкасында үгүттөчү (агитатор) болуп иштешкен Ош шаарынын тургуну Ы.Мадазимовага 19 адамга, ар бир агитатор шайлоо күнү 20 адамдан алып келип шайлоого катыштырасынар деп айлык акы катарында 5000 сомдон жалпы 95 000 сом акча каражатын бергендиги. Ал эми, Ы.Мадазимова агитаторлордун жетекчиси катарында аталган акча каражатын алып, кол алдында иштеген агитаторлорго т.а. 19 адамга 5000 сомдон бөлүп бергендиги аныкталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен 22.04.2024-жылы Ош шаардык ИИБнын ТКы тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 65-бер. негизинде чара көрүү үчүн токтомдун көчүрмөсү Ош аймактык шайлоо комиссиясына жиберилген.

Аталган материал Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, кабыл алынган токтом негизсиз болгондуктан, 23.04.2024-жылы жокко чыгарылып, кошумча текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн Ош шаардык ИИБнын ТКна жиберилип, учурда тергөөгө чейинки текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

Ош шаарынын прокурорун
орун басары

**З.Тойчубаев**